
Скырг
Б 48

Өскөнбай Бердибаев



# АК-БАЙТАЛ АШУУСУ

Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ. выдач

25000

Скырг
Б 48

аб

**Өскөнбай Бердибаев**

# АК-БАЙТАЛ АШУУСУ

(Ырлар жана эскермелер)

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 484647

2023
Бишкек

УДК 821,51 - 1
ББК 84 (5 Кир) - 5
Б 48

Бердибаев, Өскөнбай
Б 48 Ак-Байтал ашуусу: (ырлар жана эскермелер) – Б: "Абдырай Групп" 2023, - 32 бет.
ISBN 978 – 9967 – 28 – 698 - 6

Автордун бул китебинде тээ алыскы Памир тоо коюнундагы эң бийик, (деңиз деңгээлинен 4655м) "Ак-Байтал" ашуусу жөнүндө жазылган көркөм чыгармалары жарык көрдү.

Китеп окурмандардын кеңири чөйрөсүнө арналат.

ISBN 978 – 9967 – 28 – 698 - 6

УДК 821,51 - 1
ББК 84 (5 Кир) - 5
©Бердибаев Ө. 2023



Чокулары чолпон жылдыз түнөгү,
Мөңгү суусу табийгаттын мүрөгү.
Алгыр бүркүт таңшып учкан айланып ,
Алай-Памир Азиянын жүрөгү.




## АК-БАЙТАЛ АШУУСУ

Мургап-Ош төрт жүз он беш километр,
Сапарлаш тоодо шамал жолдо жамгыр.
Кайылбыз кыл чокуда кар кечүүгө,
Кыргызбыз кырга байлап койгон тагдыр.

Ай чапчыйт алыс жердин Ак-Байталы,
Санап жыл санжырасын жазган тарых.
Айланып алгыр бүркүт шаңшып учкан,
Асыл жер ата-конуш бизге баалуу.

Мургап-Ош төрт жүз он беш километр,
Сагынып келе берет кайра баргым.
Сезимде Сары-Колдун жылгалары,
Элестеп толкунданып турам азыр.

Мургап-Ош "415" километр,
Ай чапчыйт ата-журттун "Ак-Байталы"

# ШАЙДЫЛДА АКЕ МЕНЕН МАЕК

Бүгүн мен Шайдилда акага барып ал-абалын сурап көпкө чейин чайлашып сүйлөшүп отурдум. Көптөн бери Алайда-Ошто дегендей бара албай жүрдүм эле. Жарыктык киши адамдын асылы да, көп жакшы сөздөрдү айтып берди, адаттагыдай эле сөздөрүбүз саясатсыз только, Памир, Мургап, Ак-Байтал, Поэзия, өткөн доор, эсил кайран СССР жана ошол мезгилдердеги асыл адамдар жана "Астра Гүлү" аттуу кызыктуу китеп жөнүндө болду. "Астра Гүлү" китебинин автору Зуура Сооронбаева, Шайдилда акага өз китебин 72-жылдары өз колу менен белекке берип, ошол китептеги каармандар боюнча айтып да берген экен. Ошол өз учурунда көптөр сүйүп окуган "Астра Гүлү" китебиндеги каармандар, Памир тоолорунун арасында бир мезгилде жашап кеткен эле жашоодогу адамдар болгон экен. Ал каармандын бири тээ 47-50 жылдары Аличор тарапта жайгашкан илгерки аскер бөлүктө офицер болуп кызмат өтөгөн Ысык-Көлдүк кыргыз жигит ошол жердеги кыргыз кызын сүйүп калып баш кошкону, жөнүндө айтып бергендери мен үчүн өтө кызыктуу болду.


Шайдилда ака көптөгөн кызыктуу сөздөрдү айтып берди, мурдагы барганымда улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармасындагы Памир тоолорунан келген каарман Бектемир жөнүндө айтып берген эле. Бүгүн кыялымда Памирге СССР дооруна кайра барып келгендей болдум. Дал бүгүнкү күндөрдө Шайдилда аксакал, жалындаган жаштык күндөрүн, улуу тоолордун арасында жайгашкан "Чыгыш Памир" Сары-Кол өрөөнүн унутпай Мургап десе көздөрү жанып отурат оов !!!

Туулган жердин топурагы алтын !

Сыр аяктын сыны кетсе да сыры кетпейт экен аттиң!

Бар болуңуз асыл адам!!! ( Живой легенда)





Сүрөттө: сол жактан биринчи Шайдылда аке жана үчүнчү катарда Зуура Сооронбаева

# ПАМИР БҮРКҮТТӨРҮ

"ПАМИР БҮРКҮТТӨРҮ" чыгармам Кытай тилинде жарык көрдү .

Чыгарманы кытай тилине которгон Давронов Дима иниме чоң ыраазычылык билдирем!!!

帕米尔鹰！。

**去吧！！！我们越来越高。鹰巢落基山脉。爬得越高，空气就越少。哦。。**

**啊**.． **耳**朵里吵闹。．．停下来一分钟。！我们要停下来了！等等！拿一个热水瓶，打开它，倒入温暖的印度红茶。啊，香浓的印度茶带着它的香气，多么甜美和丑陋。。

**淮**备好！来吧！ **前面是帕米**尔的巨大山脉。 **每一步都使**轮廓越来越高。．

这儿。．看！！！哪里？什么？什么地方？白色弓箭手！大角野羊。。

**哇，太好了！我**刚看见他！我也见过。一个惊人的奇迹！我们走，我们走。

**振作起来！ 我**们快到矣了！我们过去吧！我们成功了！我们很高，我们现在处于最高点。 **我**们是屈服于风，寒冷，呼吸急促和其他障碍的风暴的英雄！

**万**岁，万岁，万岁。。

**我**们已经联系到。

**帕**米尔山脉！。

**我**们在世界之巅！。

**我**们已经惩罚了世界！。


**我**们已经达到了高度！。

**我**们在顶端！！！

**作者**：Oskonbai Berdibaev

翻译过：Davronov Dima





Сүрөттө: Ак-Байтал ашуусу

## ТООЛОРГО АРЗУУ

Токтобой бараткандын алын сурап,
Тоо-жолу тараптардын жайын сурап.
Сай-жондон сапар салган жолоочуга,
Ийилип салам айтам дайнын сурап.

Тообо деп чойбогула эриндерди,
Тоодон эй мен узадым көрдүнөрбү?
Силер да мен сыяктуу жолоочулар,
Тоо жактан сапар улап келдиңерби?

Көк гүлүм көркөм өскөн жайда калды,
Көп күнүм суудай агып сайда калды.
Кайрылып мен тоолордон узаганда,
Кайып-жан кайберендер кайда калды.

Толгонуп канаттарым барат талып,
Тоолор деп жазган ырлар кабатталып.
Аттиң ай тоодо өткөн бала кезим,
Саргаят күндөн-күнгө барактары.

Байланып убакыттын жебесинде,
Айланып мейкиндиктин кемесинде.
Кыялдар дале тоону самайт учуп,
Кызарып баткан күндүн сересинде.

Кайрылып канаттарым барат талып,
Кай жакта кайберендин тараптары.

## ОО, ТООЛОР

Жайкалган ак-сакалдуу атасыңар,
Жайылган алаканда батасыңар.
Бийиктен ай конгондо төбөңөргө,,
Биликтей шоола жагып жатасыңар.

Аскалар мага ата-энесиңер,
Ар-дайым жашайт менде элесиңер.
Тагдырда тайгаланып мүдүрүлсөм,
Таянар түркүк болуп бересиңер.

Тоолорум ыйык мага бир өзүңөр ,
Толтуруп кемтигимди жүрөсүңөр .
Сагынып санаа тартып эстегенде,
Түшүмө түркүн-түстө киресиңер.


Тоолорум мага жакын тууган сымал,
Толкутуп көңүлүмдү тургансыңар,
Көөдөй көңүл кирдеп калган кезде,
Тазартып тоо суусуна жуугансыңар.

Ыргалып урат салкын шамалыңар,
Нурланып турат көрктүү жамалыңар.
Апаппак аталардын сакалындай,
Булуттан бубак баскан тарабыңар.

Ар-жандар тоодо жашап нечендеген,
Аркарлар түнөк кылып мекендеген.



Санаттап саптарымда жазып келем,
Тоолордо тоонун бийик экендигин .
Алп тоолор мага ата-энесиңер,
Ар-дайым жашайт менде элесиңер.



## Бийиктеги ыр ( бейиттеги ыр)

Жүргөнүмдө ай узатып күн күтүп ,
Өтүп кетсем ажал жетип күн бүтүп .
Мени бийик Памир тоого көмгүлө,
Көшүлөйүн көңүлүмдү тынчытып.

Бейитиме таштан белги койгула ,
Таш бетине ырлар жазып ойгула.
Ашуу ашкан жолоочулар окусун,
Сапар жолдун саптарына ой бура .

Өсүп чыкса боз мүрзөмө мамыры,
Өзөк түбү менде калат тамыры .
Шамал соксо Ак-Байталдын белинен,
Жетер мага жаны күндүн жаңы ыры.

Бийиктикке жашырылса карааным,
Калбайм анда салаасында санаанын.
Ак-мөнгү тоо аруулукка айлансам,
Арзуум ошол кайра баштан жаралуум.

Бейитимде айдарым жел гүл өсө,
Аркар кулжа мен тарапка түнөсө.
Жашамакмын жашармакын жакшы ырдай,
Жаннат жашоом бейиш багым миң эсе.

Өтүп кетсем ажал жетип күн бүтүп,
Мени бийик Памир тоого көмгүлө!!!





## ТООДОГУ ТАГДЫР

Кайдан кайда каяккадыр жел менен,
Каалгый учтум кагаз сымал делбеңдеп.
Тагдыр мени аласалып алпарды,
Карааны аз какыраган ээн жерге.

Ошол жерлер жамгыр төксө гүл өнүп,
Жылдыз жанып шоола чачты түндөсү.
Учуп жатты калдактаган көпөлөк ,
Айланчыктап ай ааламдын төбөсүн.

Туңгуюктан түн сүрүлүп таң атты,
Жарык нурун жер үстүндө таратты .
Ак-Байталды ашып барат бир караан,
Алыс узап аркар жүргөн тарапты.

Ай чапчыган ашуу белде бир караан,
Алыс узап аркар сымал баратты ....

## Бийиктеги ыр ( бейиттеги ыр)

Жүргөнүмдө ай узатып күн күтүп ,
Өтүп кетсем ажал жетип күн бүтүп .
Мени бийик Памир тоого көмгүлө,
Көшүлөйүн көңүлүмдү тынчытып.

Бейитиме таштан белги койгула ,
Таш бетине ырлар жазып ойгула.
Ашуу ашкан жолоочулар окусун,
Сапар жолдун саптарына ой бура .

Өсүп чыкса боз мүрзөмө мамыры,
Өзөк түбү менде калат тамыры .
Шамал соксо Ак-Байталдын белинен,
Жетер мага жаны күндүн жаңы ыры.

Бийиктикке жашырылса карааным,
Калбайм анда салаасында санаанын.
Ак-мөнгү тоо аруулукка айлансам,
Арзуум ошол кайра баштан жаралуум.

Бейитимде айдарым жел гүл өсө,
Аркар кулжа мен тарапка түнөсө.
Жашамакмын жашармакын жакшы ырдай,
Жаннат жашоом бейиш багым миң эсе.

Өтүп кетсем ажал жетип күн бүтүп,
Мени бийик Памир тоого көмгүлө!!!





## ТООДОГУ ТАГДЫР

Кайдан кайда каяккадыр жел менен,
Каалгый учтум кагаз сымал делбеңдеп.
Тагдыр мени аласалып алпарды,
Карааны аз какыраган ээн жерге.

Ошол жерлер жамгыр төксө гүл өнүп,
Жылдыз жанып шоола чачты түндөсү.
Учуп жатты калдактаган көпөлөк ,
Айланчыктап ай ааламдын төбөсүн.

Туңгуюктан түн сүрүлүп таң атты,
Жарык нурун жер үстүндө таратты .
Ак-Байталды ашып барат бир караан,
Алыс узап аркар жүргөн тарапты.

Ай чапчыган ашуу белде бир караан,
Алыс узап аркар сымал баратты ....

# ШАМАЛ

Аркырап Ак-Байталдан соккон шамал,
Куюндап кум учуруп төккөн шамал.
Ойлорду онго бөлүп сапырылтып,
Кыялды көкөлөтүп кеткен сымал.

Ышкырып Ыраң-Көлдөн соккон шамал,
Бурулуп Булуң-Көлгө жеткен шамал .
Кусадан көз жаш төгүп ыйлап-ыйлай,
Кубулуп ырга айланып кеткен шамал.

Мен ошол шамалданмын!!!
Шамалдай жеңил жанмын!!!

Муз-Көлдөн булут айдап учкан шамал,
Тулпардын туягынан чыккан шамал.
Тоңдурбай тоо бооруна булак көзүн,
Сыдырым желге айланып сызган шамал.

Мен ошол шамалданмын !!!
Шамалды сүйгөн жанмын!!!






# Аалам чоку "Ак-Байтал" ашуусу

Ак-Байтал ашуусу деңиз деңгээлинен 4655 метр бийиктеги Памир тоолорунун коюнундагы эң бийик ашуулардын бири болуп саналат.

Ак-Байтал ашуусу СССР доорунда айтылуу Памир-Ош тракты автомобил жолу өзгөчө маанилүү болуп эсептелип турган мезгилде, ашуу кеңейтилип, жүк ташуучу жана кичи автоунааларга ылайыкташтырылып курулган. Ал мезгилдерге чейин Ак-Байтал тээ илгерки доорлордо, кербен жолу чыйыр салып ашкан ары бийик, ары татаал (түтөк жана шамалы,) менен өзгөчөлөнүп сапардагы жолоочуларды не бир түйшөлтүп не бир сестенип турган асман тиреген бийик чокулуу ашуу болгон экен. Коюнунда ай түнөгөн Ак-Байтал ашуусу не бир керемет, не бир кооз, ажайып сыйкыр күчү өзүнө арбаган кайталангыс керемет жер да оов. Дал ушул Ак-Байтал ашуусунун керемет таасирин ар бир ашып өткөн жолоочу, ички дили менен сезе туя билет. Оо, бул Ак-Байтал ашуусу канча кылым доорлорду башынан өткөрдү экен. Бул ашуу кимдерди тосуп алып, кимдерди узатпады экен.

Ак-Байтал ашуусунда аркар-кулжалар аппак болуп жолдун боюнда эле оттоп жүрүшөт. Бул ашууда аюу, карышкыр, түлкү, илбирс, суур, аркар, кулжа, эчки теке, айтор түркүн-түрдүү жаныбарлардын баары байырлап жашап келишет.

Ак-Байтал ашуусунун Ак-Байтал аталып калышы да ар түрдүү уламыш, легендалар менен эл арасында өзүнчө бир көркөм чыгарма, уламыш, жомок, болуп эл-арасында ар-түрдүү айтылып да жүрөт.

Менин угушумча илгери ушул төбөсү көктү тиреген ашуудун кокту-колот, жылга жыбыттарында, бир Аблечбай деген чоң бай жашаган экен, Аблечбайдын көптөгөн малы, кой-топозу жана бир күлүк Ак-Байталы болгон экен. Күндөрдүн бир күндөрүндө, Аблечбайдын аялы ажалы жетип каза болот. Аблечбай өмүрлүк жарынан айрылып,

кейип кепчип, сар-санаада жүрүп жыл айланып Кашкар тарапка барып, бир жаш келинге үйлөнүп үйүнө алып келет. Аблечбайдын алган жаш аялы өтө сулуу, келишимдүү болгон экен. Аблечбай жаш аялын өтө жакшы көрүп эркелетип, суук сууга колун малдырбай, алпештеп асырайт. Койлорунун арасынан өңчөй үч жаштагы кара түстүү койлордон сойдуруп, жилигин чагып, чучугуна күрүч демдетип жаш аялына берет. Ошентип Аблечбай жаш аялын абдан эркелетип карайт, тамактын таттуусун жедирип, кийимдин асылын кийгизет.

Бирок байдын жаш аялы Аблечбайды теңсинбей жаш жигит менен көңүл табышып алат. Аблечбайды теңсинбеген жаш аял , байды өлтүрүп жаш жигит менен кетүүнү көздөйт. Бир күнү жаш келин менен жигити экөөсү Аблечбайды өлтүрмөкчү болуп кол салышат, бычактан жарадар болгон Аблечбай жан аргасын таппай Ак-Байталын эптеп минип качып жөнөйт, ошондо байдын иттери ортого түшүп үрүп байды өлүмдөн сактап калган экен. Ашуунун түбүндө туруп Аблечбай, аял деген ушул турбайбы атаңдын көрү, "аял - жапаа, ит бафаа" деген сөз чын экен деп, Ак-Байталын минип иттерин ээрчитип бийик ашууну ашып алыска кетип калган экен. Ошондон кийин бийик ашуу "Ак-Байтал " деп аталып калган экен. (Ак-Байтал ашуусу жөнүндө мындан башка да ар түрдүү уламыштар эл-ичинде айтылып жүрөт).

Андан кийин канча кылымдар өтүп орустун Николай Падышасынын аскер өкүлдөрү Памирге келип, Ак-Байтал ашуусундагы ат-төө жолун кеңетип, таштарын бердирип, араба жол салган экен. Бул араба жол салынганда биздин Мургаптык (Сары-Колдук ) кыргыздар да иштеген экен. Аксакалдар айтып калат эле, илгери Никалайдын убагында чоң -аталарыбыз Ашууда таш терип, жар түздөп жол салып Николайга иштеген экен деп. Алгачкы Ак-Байтал ат-араба жолунда иштегендер эмгек акыларына ун, чай, май, жана башка керектүү азык түлүктөрдү алып турушкан экен,



кийинчерээк акчалай да эмгек акы төлөп Сары-Колдук кыргыздарды иштетип ашуу ашырып Мургапка чейинки жолду бир канча жылда бүтүргөн экен.

Бул Ак-Байтал ашуусу өткөн мезгилдердин, канчалаган кылымдардын күбөсү. Ак-Байтал ашуусу бул тоо элинин тагдыры жана басып өткөн тарых жолу. Асман тиреген Памир тоолорго сапар улаган ар бир жолоочу сапар жолунда келе жатып сөссүз Ак-Байтал ашуусун ашып өтөт. Ар бир сапарда жүргөн жолоочу Ак-Байтал ашуусунун кереметин сыйкыр күчүн, бийиктигин, аруулугун сезип туя алат!!!



# ТОО ЖОЛУНУН ТАРЫХЫ

Сааты мезгилдердин санап алар,
Сай-суудан сапар улай араң-араң.
Тарыхтын таш жолдорун басып өттү,
Талыкпай тагдыр тарткан арабалар.

Аталарыбыздын айтуусу боюнча, Памир жолу бул улуу тоолордун аралап өткөн эски тарыхый жол. Бул жолдор тээ илгертен эле ат төө менен улуу тоолорду аралап Кашкарга, Мисирге, Кабулга, Гиссарга, жана башка көптөгөн шаарларга кербендер соода сатык кылып келген айтылуу "Улуу жибек жолу" дал ушул жолдор болгон экен. Кийин СССРдин доорунда бул эски кербен жолу чоңойтулуп-кеңейтилип, "Памир Авто Трести" "ПАТУ" болуп кайра салынып, жаңыдан жанданган экен.

Оо биринчи ал кезде орустун алгачкы чыккан машиналары "Полуторка" лары кылдырап эптеп, бир канча күндө Оштон-Мургапка жетчү экен. Арадан бир канча жылдар өтүп айтылуу "Зил" көк кашка автомобилдери келе баштаптыр, Памир-Ош жолунда аркырап зилдердин үнү тоолордо жаңырып, тоо арасында бир өзгөчө жаңылык ошол дал ошол "Көк Кашка" зилдин үн-авазы менен кошо учуп келгенсип сезиле берет мага.

Биз эс тарткан кезибизде Ош-Памир жолу күндө күүлдөгөн зилдер, ал мезгилде аркан тарткандай каттап турчу.

Ошол жылдары Памирге каттаган айдоочулар улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармасындагы Ильяз сыяктуу сезиле берет эле мага. Биз баарыбыз ошол тоо жолунда ЗИЛ көрсөк ырдайт элек: "Мен азыр кайкып учкан аккуу сымал, баратам бакыт издеп Памир көздөй" деп, ошол ыр саптар Памирдеги айдоочуларды кудум бакыт издеп Памир тоолорунун үстүндө учуп бараткан куштар сыяктуу сезилер эле. Эх чиркин анда биз бала кезибиз, балалык



кыялыбызда биз да "ЗИЛ" айдасак Ош-Памир жолунда сапар тартып баратсак деп кыялданар элек.

Кийин СССР кулагандан кийин Памирге жүк тарткан зилдер да акырындан токтоп калды.

Тоо арасы жымжырт, мурдагыдай күүлдөп күндө ары-бери өткөн автомашиналар көзгө урунбайт. Бирин серин сапар улаган машиналар өтүп калды. Биздин балалык кыялдар ошентип, СССР менен кошо кыйрагансыды.

Андан кийин канча мезгилдер өттү, канча суулар акты.

Учурда эки өлкөнүн ортосундагы чек-ара маселесинен улам, Памир-Ош жолу кан буугандай тосулган. Каттоо жок, жол жабык. Улуу тоолорду аралап кеткен, бул жолдор кыйрап талкаланган. Тээ илгери жоголуп, анан унутулган буюм сыяктуу азыр бул жолду эч ким эстебейт.

Менин гана балалык кыялымда тээ памир тоолорун аралап, көк кашка "ЗИЛ" айдап Иляз ашууда бара жатат.

"Кумдан көп биздин күндөр, өткөн-өткөн,
Келээрмин аман болсом да бир көксөп.
Азыр мен жалгыз учкан, ак-куу болуп,
Баратам бакыт издеп Памир көздөй."

А менин кулагыма кайра-кайра тоо арасындагы бараткан зилдин үнүнө кошулуп, ушул ыр түбөлүккө жаңыра берет, жаңыра берет !!!

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 484647



# Кылым кыйырына кеткен жолдор!

(Памир тоолорунун арасындагы көк-кашка).

Асман тиреген Памир тоолорун аралап өткөн автомобил жолдору чубалып-узарып, куралып- уланып отуруп ордолуу Ош шаарына кирип келет. Дал ушул узун жана татаал жолдор, тоо арасындагы тирүүлүктүн жашоосун улап турган өзөк тамырлар сыяктуу эле.

Бул жолдордо кылымдар бою сапарын улаган адам баласы сансыз болгон чыгар, айтор тыным жок өмүр көчү тынбай уланып келет. Тоо арасындагы бул узак жолдордо көбүнесе жүк ташыган машинелер. Айтылуу көк кашка "ЗИЛ" автомашинасы гүүлдөп, буркан-шаркан түшүп тоо арасын жаңыртат.

Санап отурган адамга түгөнгүстөй болуп сезилген тынымсыз уланган жүк ташыган машиналар, илгерки



кербенчилердин чиркешип чубалжыган катар-катар төөлөрүнүн жаңыча көрүнүшүнүн элесин берет. Асманга кулачын керген, дүйнөнүн чокусу аталган айтылуу Памир тоолорундагы Ак-Байтал ашуусуна чыгып бараткан "ЗИЛ"дер улуп-уңшуп, гүр-шар болуп, деңиз деңгээлинен 4850 метр бийиктиктеги бул дабаан оңой-олтоң ашуу эместигинен кабар берет.

Ар күн сайын миңдеген тонна жүктөр Ош-Памир тракты аркылуу тоолуктарга жеткирилет. Бул көк кашка "ЗИЛ" автомобили атайын дал ушул Памир тоо жолдору үчүн чыгарылгандай ыкчам жана кубаттуу көрүнүп, күңгүрөп-күүлдөйт. Ашуу жолдогу күүлдөгөн автомобилдердин үнүнө кулак түрүп жан-жаныбарлар, кийик-кайберендер селт этип сестенгенсийт. Бирок тоодогу жаныбарлар жедеп көнүп калышкан, бир аз селт эткени эле болбосо кайра оттоп киришет. Өткөн мезгилди кайра артка калтырып, ээнсиреп жаткан Памир түз-тоолорундагы өз өкүмүн жүргүзгөн албуут боз-куюндуу шамалдар да, көк кашка аталган кубатуу "ЗИЛ" автомобилдеринин гүүлдөгөн авазүнүнө кошула кайра жаңырып-жуурулушуп өзүнчө бир тоо симфониясына айланып тээ алыстарга чейин не бир шандуу табыгый музыкага кубулуп көтөрүлүп көкөлөйт.

Ат төөлөр менен сапар улаган кербендердин доорун алмаштырып, тоо арасында көк кашка "ЗИЛдин" үнү жаңырып, жаңы жашоо барагын мына ушинтип ачкан!

Бул мезгилдер доорго добулбас уруп күркүрөп-шаркыраган эсил кайран СССР эле!!!

Көк кашка "ЗИЛ" гүрү-гүү, Памир тоо жолдору, тээ төмөндү элендеп тиктеген бийиктеги кайберен кийиктер !!!

Эсил кайран СССР!!!



## Ак- Байтал ашуусу деңиз деңгээлинен 4655 метр бийиктикте жайгашкан.

Алыстан даана карааны,
Аркырайт соккон шамалы.
Ак- Байтал ашуу бийик бел,
Ааламдын чоку дабааны.

Жылтырайт акак ак ташы,
Жылдызга жакын аскасы.
Тарыхта өчпөс так калган ,
Кылычтын мизин дат басып.

Алыстан көзгө кылаңдап,
Аркарлар жүрөт кыраңда.
Ак- Байтал ашып узак жол ,
Ааламды көздөй чубалган.

Аталар баскан алыс жол,
Ааламды көздөй чубалган.





## КЫЙЫРДАГЫ ЧЫЙЫР ЖОЛ

Тоо кыйырда жоголдук да табылдык,
Тээ кылымда жандык өчтүк чагылдык.
Жылгаларда көчүп кондук жыл санап,
Жылдар жылды биз да суудай агылдык.

Барскан уруп казык каксак таш качкан,
Жоктур жолдо жону оорубай аз баскан.
Жарты өмүрдү тоо койнунда калтырдык,
Жарды өмүрдү күндөлүккө жазбастан.

Кезип өтүп кылым доор өткөөлүн,
Сезип өзүм кырдан кыйыр өткөнүм.
Барым ошол бал-бал жанып турганым,
Жогум ошол үрүл-бүрүл өчкөнүм.



## АШУУДАГЫ ОЙЛОР

Ак-Байтал ашуусунун түбүнө жеткенде машинамды токтоттум. Машинанын моторун суутуп даярданып анан жол тарбасам, бул бийик ашууну ашып кетишим мен үчүн оңой эмес эле!

Балам шашпа.- дейт атам, мен даарат алып намаз окуп алайын.

Ак-Байталдын түбүндө көпкө турдук атам намаз окуду, негедир кеткиси жок. Балам бир аз туралы шашпай анан жылалы деп койду кайра.

Атам ойлуу отуруп тээ ашуунун бийигин тиктейт .

Ушул ашууну ашкан ар бир жолоочуну узатып жаткансыйт.

Көзүнө бир аз жаш алды.



Дагы эмнени ойлоду экен, дагы эмнелерди ойлоп жатты экен. Өткөндүбү же учур чактыбы? Кылым санап кыйыр ашып кеткен кыргыздын не бир кыйын, не бир кашкөй, сөз баккан ой таптаган улуу асылдары, сөзгө чебер кынаптап сүйлөгөн айткан сөзүндө салмагы бар улууларды ойлодубу?

Же, не бир айла амалдуу, караңгыда жол тапкан, жакшы жаман ак кара менен аралаша ар-кимге өзүнө жараша мамиле түзүп, өз көкүрөк көрөңгөсүн соолутпай, өзөк тамырындагы кудай берген касиет зардесин туюп билген хандарды бектерди, не бир асылдарды ойлоду бекен ов!

Же Сары-Кол өрөөнүнөн чыккан не бир таскактуу күлүктөрдү, илгери өткөн не бир өнөрлүү талантуу инсандарды, же Сарез көлүнүн түбүндө жаткан кол жеткис, тунук асыл баа берметтей болгон Сары-Кол сулууларын элестетип ойлоду бекен.

Атам дагы эмнелерди ойлоп жатты экен?

Же? Же: Күн чыкканда күлмүндөгөн, күн батканда үңүрөйгөн, шамал болсо камгактай калдактаган, карды чың тойсо далдырап далдактаган, кызыктын маанисин билбес, көрөңгө касиетин туйбас, көкүрөгү сокур, бирөө күлсө түшүнүп түшүнбөй күлгөн, амалдууну көрсө алдына жүгүргөн, амалды байлыкты, мансапты түгөнбөстөй дөөлөт көргөн, чындыкка чыдабай ыраны кубарып кеткен, кылдай ишин бийик көтөрүп көкүрөк каккан, калп эле калкым деп бирок чын-чынында кара жанын, куру намысын ойлогон, ат-дарбыса кошо дарбыган, алысты көрө албаган, акылы аз, көкүрөк зардеси курук, ала-өпкө, асылы жок, куру акылы көп мага (мени), ой толгоду бекен?

Мени ойлоду бекен? Атам ашууда эмнени ойлоду экен?

Атам алыскы ай чапчыган Ак-Байтал ашуусунда эмнени ойлоп баратты экен?



## Памир тоолорунда жайгашкан "Ак-Байтал " ашуусу деңиз деңгээлинен 4655 м, бийиктикте. Аалам чокусундагы аруу ойлор

Ассалому алейкум (арыба). Ак- мөңгүлүү асман чоку Ак-Байтал !!!

Мен өзүңө бүгүн кайрылып келдим !

Мен сенден кеткенимде жеңил болду, бийиктиктен төмөн түшүү жеңил эмеспи.

Артымдан шамал айдап, жорголой жортуп кеткем.

Бирок келерим оор болду.



Төмөндөн бийиктикке көтөрүлүү, албетте ары түйшүктүү машакаттуу экен. Кудайга шүгүр, не күндөрдү баштан өткөрсөм да, эсен соо бүгүн өзүңдөмүн. Оо асман чоку Ак-Байтал мен сенден кетеримде наристе элем, аруу таза элем. Оуу, мен адам баласы сенден узап эмнелерди баштан кечирип, эмнелерди гана көрбөдүм. Турмуш жолунда айрылдым, тешилдим, жешилдим, сындым, мокодум, кагылдым, согулдум, бар болдум, жок болдум, ач-болдум, ток болдум.

Мен бийик ашуундан ашканда элтеңдеген боз бала элем, эми минтип чачымды ак аралаганда келип отурам.

Бийиктигиңе, аруулугуңа, улуулугуңа, миң ирет таазим кылып отурам!

Оо, менин сүйүктүүм кыргыз жыттанган тарых санжыралуу, сырдуу, сыйкырдуу Ак- Байталым менин!!!

Айтчы, айтып берчи, канча кылым жашадың?

Мен сыяктуу өзүңө тооп кылып, жан-дүйнөсүндөгү жан-сырын айтканы кимдер келди?

Тоо арасындагы жашаган адамдардын, кайгы кубанычына, азап-шоруна, ыр-күлкүсүнө, жыргал күндөрүнө өзүң күбөсүң. Шамалы аркыраган дүйнөнүн чокусунда, түбөлүк ак-мөңгүңдү жаркыратып, ашуу жолунда кимдерди узатып кимдерди тосуп алдың?

Сан миңдеген миллиондогон жолоочулар, ар-түрдүү тагдыр айдап бийик ашууңду ашып өттү, өтүп жатат, өтө берет, түбөлүккө өтө бермекчи .

Оо, касиеттүү Ак - Байталым сенин ашуу бийиктигиңде күүлдөгөн машиненин үнү жаңырып, мен сыяктуу жолоочулар (өмүр жолоочулары) алда не ойлорго сүңгүп, кыялында чексиздикке учуп баратканснып чайпалып термелет.

А менин тоолук денем, кыялым, сезимим, мүнөзүм ашууңдун так чокусуна чыгып бараткaнда (Деңиз

деңгээлинен 4655м) бүткүл ааламдын. Орто Азиянын үстүндө космостон айга карай учуп барткансыйт.

Ак - Байталым!!! Акылым жетишинче, алым жетишинче, керемет күчүңдү, бийиктигиңди, улуулугунду, ак кагазга түшүрүүгө аракет кылдым.

Албетте тоолукмун да, тоону сагынганда кыялданган да өзгөчө.

Ассалому алейкум (арыба) ! Ак мөңгүлүү асман чокусундагы ашуу "Ак Байтал" мен бүгүн сырымды айтканы сага келдим!!!



Ак-Байтал ашуусунда




# Памир жолунда

Зуулдатып "ЗиЛди" айдап,
Ак карлуу жолдо цепь байлап,
Ак-Байтал ашып кетчү элек
Жаак карыша көз жайнап.

Рульга колдор карышып
Обгонго чыга жарышып
Өткөрдүк далай өмүрдү.
Ош-Памир жолун чаңытып,
Ошол күн эске кылт этсе,
Жүрөгүм кетет сайышып.


Төрөгелдиев Нурмухаммед Болотбекович











Ак булуттар түрмөк көрүнгөн.
Аркар түнөк жылга төрүндө.
Ыйык сезим аруу ой менен.
Ыр жазгыла Памир жөнүндө.

Ыраактарда бийик көрүнгөн.
Ырдагыла тоолор жөнүндө.

Бердибаев Өскөнбай Чожоевич 1982-жылы Алай районунун Сары-Могол айылында туулган. Ата-энесинин жумушуна байланыштуу Чыгыш-Памир (Сары-Кол) Мургап өрөөнүндө чоңойгон. Памир жөнүндө көптөгөн чыгармаларды жараткан. Үй-бүлөлүү, төрт кыз, үч уулдун сүйүктүү атасы. Учурда Бишкек шаарында "Билип ал" адабий-көркөм маалымат журналынын этникалык кыргыздар боюнча кабарчысы болуп эмгектенет.



# МАЗМУНУ


АК-БАЙТАЛ АШУУСУ .................... 3

ШАЙДЫЛДА АКЕ МЕНЕН МАЕК .................... 4

ПАМИР БҮРКҮТТӨРҮ .................... 5

ТООЛОРГО АРЗУУ .................... 7

ОО, ТООЛОР .................... 8

Бийиктеги ыр ( бейиттеги ыр) .................... 10

ТООДОГУ ТАГДЫР .................... 11

ШАМАЛ....................

Аалам чоку "Ак-Байтал" ашуусу .................... 13

ТОО ЖОЛУНУН ТАРЫХЫ .................... 16

Кылым кыйырына кеткен жолдор! .................... 18

Ак- Байтал ашуусу деңиз деңгээлинен 4655 метр бийиктикте жайгашкан. .................... 20

КЫЙЫРДАГЫ ЧЫЙЫР ЖОЛ .................... 21

АШУУДАГЫ ОЙЛОР .................... 22

Памир тоолорунда жайгашкан "Ак-Байтал " ашуусу деңиз деңгээлинен 4655 м, бийиктикте. Аалам чокусундагы аруу ойлор .................... 24

Памир жолунда .................... 27

Өскөнбай Бердибаев
АК-БАЙТАЛ АШУУСУ
(Ырлар жана эскермелер)

Редактору жана компьютердик калыпка салган:
Молдалиев Бактыбек

Офсеттик басма. Офсет кагазы. Кыргыз тилинде. 32 бет.

"Абдырай Групп" ЖЧКнын басмаканасында басылды.
Кыргыз Республикасы. Бишкек шаары. Биринчи Май району.
Киев көчөсү, 77 4/4
Телефон 0703224301

